ДОЛБООР

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXII–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын айы №**

**Мамлекеттик менчик объекттерин муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 20-февралындагы №01-13/614 кайрылуусунун негизинде, шаардык кенештин алдындагы муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Аманбаев №154, идентификациялык коду №2-07-04-0061, жер тилкеси жана мүлкү менен мамлекеттик менчик объекттерин Балыкчы шаарынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берилсин.
2. Балыкчы шаарынын мэриясына:
   -аталган обьектини муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.

   -муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.
3. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.
4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММК-1 юст.башкармалыгы-1

**ТОКТОМ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXII–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын айы №**

**Мамлекеттик менчик объекттерин муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 13-мартындагы №01-13/924 кайрылуусунун негизинде, шаардык кенештин алдындагы муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарындагы Нарын шоссе 32 дарегиндеги, идентификациялык коду №2-07-04-0004-0205 аянты 0,72га жер тилкесин мамлекеттик менчик объекттерин Балыкчы шаарынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берилсин.

2. Балыкчы шаарынын мэриясына:
3. -аталган обьектини муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.

   -муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.

4. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.
5. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММК-1 юст.башкармалыгы-1

ДОЛБООР

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXII–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын айы №**

**Балыкчы шаарындагы "Сан - Таш" соода – базар комплексинин багытын өзгөртүү жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 20.02.2026ж. №01-13/604 кат Балыкчы шаарынын Ж. Аманбаев № 128 дарегинде жайгашкан "Сан - Таш" соода – базар комплексинин багытын турак жайлары бар соода комплексин куруу багытына өзгөртүп берүү жөнүндө кайрылуусунун негизинде, кеңештин алдындагы муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр жай, транспорт жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаарынын Ж. Аманбаев № 128 дарегинде жайгашкан "Сан - Таш" соода – базар комплексиндеги жер тилкесин Ц-3 соода базар комплекси зонасынан Ц-1 шаардын борборундагы коомдук, ишкердик жана коммерциялык иш аракеттер зонасына которуу жөнүндө тууралуу шаардык мэриянын сунушу колдоого алынсын.

2. Балыкчы шаарынын мэриясына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып баруу тапшырылсын.

3. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.

4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

*Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, юст.башкармалыгы-1, ММК-1*